**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**

**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ Х СЕССИЯСЫНЫН

## № 2 ТОКТОМУ

13-август 2025-жыл Октябрь айылы

**Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы №572 контурунда жайгашкан айыл чарбагытындагы сугат 13,5 гектар жер аянтынын категориясын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Багыш айыл өкмөтүнүн башчысынын 2025-жылдын 08-августундагы №01-15/236 сандуу "Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Кытай-Кыргызстан-Өзбекистан темир жолу курула турганына байланыштуу **Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы №572 контурунда жайгашкан 13,5 гектар жер аянтын «Айыл чарба багытындагы жер» шарттуу сугат категориясынан «Калктуу конуш жерлери» категориясына** которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө" кайрылууларын жана карап чыгып, Багыш айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн аймагындагы Кытай-Кыргызстан-Өзбекистан темир жолу курула турганына байланыштуу, Багыш айыл аймагындагы №572 контурунан 13,5 гектар жерди «Айыл чарба багытындагы жер» шарттуу сугат категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Түгөйбеков Нурсултанга милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан Жалал-Абад областык юстиция органдарынан каттоодон өткөндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**